**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин, К.Ш.Токомаматов атындагы эл аралык университетинин жана Кыргызстан эл аралык университетинин алдындагы юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуу даражасын издении алууга диссертацияларды жактоо боюнча Д.12.20.614 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 12.00.01 – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын «Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери» темасындагы диссертациясына**

# К О Р У Т У Н Д У

**диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү:** юридика илимдеринин доктору, профессор Асаналиев Тилек Асаналиевич, 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын «Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери» темасындагы диссертациясын изилдеп төмөнкү корутундуларга келди:

**1. Эмгектин диссертациялык кеңешке берилген укук боюнча диссертацияны жактоого кабыл алуу адистигине туура келгендиги.**
Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын «Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери» темасындагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кецештин адистигине туура келет.

Эмгекте вандализмге баруу менен келип чыккан коомдук мамилелердин теориясы, тарыхы, тажрыйбасынын маңызынын изилденүүсү чагылдырылып, 12.00.01 – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Диссертациянын максаты –** азыркы мыйзамдуулукту жакшыртуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги жөнүндөгү каралган кол салууну жасоо жана кылмыштардын башка составын чектөө болуп илимий далилденген сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Коюлган **максаттар** диссертациядагы төмөнкү **маселелерди** чечүү менен ишке ашкан:

- вандализмдин социалдык маңызын ачыктоо;
- вандализм үчүн жоопкерчилик тууралуу мыйзамчыгаруучулуктун калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн ретроспективалык талдоосун жүргүзүү;

ВХОДЯЩИЙ №: 24
4 12 2020 г.

- вандализм үчүн жоопкерчилик жөнүндө чет өлкөлөрдүн мыйзамчыгаруучулугунун нормаларынын салыштырмалуу укуктук талдоосун жүргүзүү;

- вандализмдин заманбап абалын жана жайылгандыгын изилдөө;

- вандализм үчүн мүнөздүү болгон факторлордун социалдык шартталгандыгын аныктоо;

- вандализмдин анын окшош коомдук кооптуу аракеттерден чектөөчү белгилерин аныктоо.

**Изилдөөнүн объектисин** вандализмди жасоо менен байланыштын натыйжасында пайда болгон коомдук мамилелер эсептелет.

**Диссертациялык иштин илимий жацылыгы** вандализмди тарыхый-укуктук аспектисин комплекстүү анализине биринчилерден болуп, вандализмди кылмыш жаза укуктук тыюусунун соцrâциалдык шартталуу суроолорунун терең каралуусу менен аныкталат. Эмгекте вандализмдин социалдык мацызы жүргүзүлгөн, вандализм үчүн жоопкерчилик жөнүндө мыйзамчыгаруучулуктун калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн суроолору изилденген, вандализм үчүн жоопкерчилик жөнүндө чет өлкөлөрдүн мыйзамчыгаруучулугунун нормаларынын салыштырмалуу укуктук талдоосу каралган, вандализмдин заманбап абалы жана жайылгандыгы изилденген, вандализмдин факторлору жана алардын социалдык шартталгандыгы изилденген, вандализмди башка чектеш коомдук кооптуу аракеттерден айырмалаган өзгөчөлүктөр каралган, жана ошондой эле изилденип жаткан көйгөй боюнча тыянактар жана сунуштар берилген.

**Изилдөөнүн методдорун** тарыхый, нормативдик, салыштырмалуу-укуктук, статистикалык жана системалуу анализдөөнүн жана таануунун башка ыкмалары түзөт.

12.00.01 – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигине изилдөөнүн адистигине болгон талаптары туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** эч кандай шек жаратпайт, анткени азыркы учурда Кыргыз Республикасында коомдук баалуулуктарды сактоо маселеси, жасалган кылмыштардын санынын жогорулашы менен биргеликте өзгөчө мааниге ээ болууда жана алар көп учурда жазасыз калууда. Элдин рухий ден соолугу, муундан-муунга жол улоочулугу, коомдун бүтүндүгү жана анын нормалдуу өнүгүшү адеп-ахлак нормаларын сактоого байланыштуу.

Бүгүнкү мезгилде вандализм коомдук кооптуу көрүнүш катары биздин коомдо уланып келгендигин жана жазык жоопкерчилиги тууралуу мыйзамчыгаруучулугунда жоопкерчиликтин камтылгандыгына карабастан зыянын тийгизгендиги белгилеп кетүү зарыл. Вандализмдин кесепеттери материалдык зыянында гана эмес, ошондой эле социалдык чыцалууларда да байкалып келет. Жашы жетелектердин жана жаштардын арасында бул

кылмыштык аракеттердин жайылгандыгын жана ошондой эле бул аракеттердин жайылуусунун жаңы формаларынын жана ыкмаларынын пайда болуусун эске алуу менен аларды алдын алуучу чараларды жасоо керек. Ошондуктан мамлекеттик органдардын, коомдук жана бей өкмөттүк уюмдардын, жана ошондой эле жарандардын ишмердүүлүгүнүн башкы багыты болуп вандализмди алдын алуу эсептелет.

Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан соттук укуктук реформа кылмыштарды алдын алуунун мамлекеттик саясатынын негиздерин түздү. Мамлекеттин укуктук системаны бекемдөө, моралдык адептик тарбиялоо, вандализм менен байланышкан коомдук кооптуу аракеттерди жасоого алып келген, социалдык негативдик факторлорду жокко чыгарган, озүн өзү өнүктүрүү жана жеке өсүү үчүн шарттарды түзүү боюнча аракеттери жетишсиз. Вандализмди алдын алуу системасы менен негативдик белгилерди курган коомдун бардык чойрөлөрүн озүнө камтыйт.

Вандализм көйгөйлөрү тиричилик чөйрөсүнөн сыртка чыкты, анткени, тилекке каршы, мындай аракеттердин кесепеттеринин таасири чоң. Себеби мындай бузуучулук аракеттер көптөгөн себептер менен түшүндүрүлүп, көп учурда адамдын аң-сезиминде жашынып, инсандын социалдык психологиялык кемчиликтеринин симптомдорун түзөт. Себептик кесепеттик көз карандылыкка, коомдук аң-сезимде максатсыз, эч нерсе менен негизделбеген антикоомдук аракет катары болгон вандалдык аракеттердин мотивдерин аныктоого көңүл бөлүү керек. Мисалы, социалдык баалуулуктардын деформациясы жүргөн, бекитилген нормалардын түрдүү бузулууларына алып келген керектөөнүн кыйырлоосу орун алган социалдык институттарды аныктоо абзел.

**3. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** вандализмди тарыхий-укуктук аспектисин комплекстүү анализине биринчилерден болуп, вандализмди кылмыш жаза укуктук тыюусунун социалдык шартталуу суроолорунун терең каралуусу менен аныкталат. Имараттарды жана башка курулуштарды кор кылуу кыймыл аракеттери боюнча коомдук мамилелердин спецификасы, ошондой эле коомдук транспорттордо же башка коомдук жерлерде мүлктөрдү бузуусу изилденет. Мындан тышкары, вандализмдин предметинин өзгөчолүктөрү көрсөтүлөт; аталган кылмыштардын кол салуу башка кылмыш составынын чектөө критерийлери берилет; вандализмди жана аны жакшыртуу жаза берүү практикасынын суроолору баяндалат.

**1 - жыйынтык.** Жоруктар жөнүндө кодекстин 120-беренесинде көрсөтүлгөн кыймыл аракеттери үчүн жоопкерчилигин орнотууда анын муктаждыгы коомдук мамилелерине кол салуунун баалуулугу менен шартталат жана алардын сакталуусу коомдун өнүгүсүнүн бирден бир өбөлгөсү болуп саналат. Вандализмдин коомдук коркунучу жарандардын бейпилчилиги жана коопсуздугу үчүн тынчсызданиуусу менен шартталган

бейпилсиз натыйжалардын келүүсү менен укук коргоо органдарына болгон ишенимсиздиктин өсүшүндө көрсөтүлөт. Вандализмдин бейпилсиз натыйжасынын бири да укук бузууларга шыгы бар адамдар үчүн жана оор кылмыштар үчүн жаза тартпаган адамдарга прецеденттердин түзүлүүсү болуп саналат.

**2 - жыйынтык.** Вандалдык жосундун өзгөчөлүгү чөйрөдөгү адамдарга өзүнүн күнөөлүү урматсыздыгын демонстрациялоо, адамдарга көрүнө турган жерлерде имараттардын жана башка курулуштардын эстетикалык касиетин моралдык жана материалдык баалуулугу аркылуу көрүнүктүү төмөндөтүү болуп саналат.

**3 - жыйынтык.** Коомдук транспорттордо же башка коомдук жерлерде мүлктөрдү бузуу түрүндөгү кылмыш кыймыл аракеттеринин объектиси болуп мүлктөрдүн мамилеси көрсөтүлөт, андыктан бул жосундун предмети өзгөчө маданиятка же тарыхий маданиятка ээ эмес, ал эми жасоо ыкмасы менчик ээсинин мүлкүнө зыян келтиргендей натыйжа калтырат. Мүлктү бузууну вандализмге караштуу коомдук адеп ахлака каршы кылмыштарга кошо турган болсок, бир гана мындай белгиси болгон мотиви жана максаты кол салуу катары, ошондой эле аны жасоонун коомдук жери негизделбеген. Изилденип жаткан кол салуу боюнча жоопкерчилиги жөнүндөгү мыйзамды жакшыртуу максатында, ошондой эле кылмыштарды бирдей жана туура квалификациялоодо коомдук транспорттордо же башка коомдук жерлерде мүлктөрдү бузуунун белгисин алып салуу сунушталууда.

**4 -жыйынтык.** Ыпылас аракеттерди кылгандыгынын кылмыш жаза жоопкерчилигин чечүү учурунда төмөнкүлөрдү эске алуу керек: сүрөттөрдүн, жазуулардын, символдордун маанисин, имараттардын жана курулуштардын бузулган сырткы көрүнүшүнүн эстетикалык жана башка баалуулуктарын, имарат жана курулуштардын жайгашкан жери, ыпылас сүрөттү тарткан нерсенин өздүгү, анын жайгашкан жери жана аны ысырапсыз тазалоо.

**5 - жыйынтык.** Вандализм ошол эле учурда социалдык, социалдык психологиялык жана психикалык көз караш менен каралган күнөөлүүлөрдүн бул аракеттери мыйзамчыгаруучулук нормалары менен гана эч качан камтылып кетпейт. Ошол себеп менен вандализмдин гана эмес, ошондой эле ага коштош болгон социалдык көйгөйлөрдүн, бул социалдык феномендин коомдук мамилелерин изилдөөнүн маанилүүлүгү аныкталат.

**6 – жыйынтык.** Коомдук транспортто же башка коомдук жерлерде мүлктүн бузуу бөлүгүндөгү вандализмдин составын, атайын жок кылуу түрүндөгү кылмыштарга кол салуу же предметтерди, жерди мүнөздөөчү белгилер боюнча, мүлктөргө зыян берүү, келтирилген зыяндын көлөмү, жүрүм-турумунун мотивин жана максатын чектөө керек.

**4. Диссертацияда иштелген изденүүчүнүн ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун), тыянактын жана корутундунун негизделгендигинин жана ишеничтүүлүгүнүн даражасы.**

**1-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү шексиз, анткени көптөгөн илимий-теоретикалык адабияттардын, чет мамлекеттердеги монографиялык изилдөөлөрдүн талдануу процессинде алынган.

**2-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү шек жаратпайт, бул жыйынтык түп нуска булактардын жана илимий адабияттардын кеңири тобун изилдөөдөн алынган.

**3-жыйынтык.** Негизделгендиги жана ишеничтүүлүгү илимий адабияттарды, чет мамлекеттердин мыйзам чыгаруучулугун талдоо менен тастыкталат.

**4-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, анткени критикалык талдоонун жана түрдүү ойлорду жана көз караштарды салыштыруунун негизинде иштелип чыккан.

**5-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, себеби мамлекеттин жана укуктун теориясынын нормаларынын анализинин негизинен келип чыккан.

**6-жыйынтык.** Негизделген жана ишеничтүү, анткени теоретикалык жана тажрыйбалык материалдарды изилдөөнүн негизинде жаралган. Мындан тышкары, укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсүнүн негизинде келип чыккан жыйынтык болуп саналат.

**5. Диссертацияда нзденүүчү тарабынан жасалган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңылык даражасы.**

**1-жыйынтык.** Салыштырмалуу жацы болуп эсептелет, анткени биринчи булактарды жана илимий иликтөөлөрдү изилдөөнүн негизинде иштелген, себеби аларда териштирүүнүн түрдүү ыкмалары каралган.

**2-жыйынтык.** Жаңы болуп саналат, анткени жабырлануучунун укуктук абалынын теоретикалык-укуктук негиздерин түшүнүү боюнча автордун көз караштары камтылган.

**3-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет. Автор эл аралык стандарттардын бирдиктүү системасын түзүүдө белгилүү мааниге ээ болгон эл аралык документтерди изилдеди.

**4-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп саналат, себеби вандализмди кылмыш катары изилдөонүн Кыргызстанда, ошондой эле жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү өзгөчөлүктөрү салыштырмалуу териштирилип берилген.

**5-жыйынтык.** Жаңы деп эсептелет, анткени биринчи жолу вандализмди социалдык көрүнүш катары коомдогу толкундануууларга жооп бергендиги жана протест белгиси катары коомдук тынчтыктын жана укуктук тартиптин түрдүү бузулууларында байкалгандыгы аныкталган.

**6-жыйынтык.** Жаңы болуп саналат, себеби биринчи жолу вандализмде мүлктүк мамилелерге зыянын тийгизүү факты күнөөлүүнүн аракеттеринде бул аракеттердин белгилерин аныктоочу критерий болуп саналат. Ошондой эле, укук колдонуучулук тажрыйбанын изилденүүсү жыйынтыкталган.

**6. Иштелген жыйынтыктардын ички биримдигинин жана багытталгандыгынын теоретикалык жана колдонмо маселенин тийиштүү актуалдуу көйгөйлөрүн чечүүгө болгон баасы.**

А.Э.Сулаймpraнованын диссертациясынын жоболору ички биримдиги менен мүнөздөлөт.

Диссертация ички биримдикке ээ болгон бул көйгөй боюнча бир катар илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтып, юридика илимине автордун жеке салымынын маанилүүлүгүн тастыктайт. Автордун сунуштары жана тыянактары көрсөтүлгөн укуктун тармагынын актуалдуу илимий-теоретикалык көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган. Изилдөө өз алдынча бүтүндүү мүнөзгө ээ, бардык суроолор логикалык түзүлгөн, өз ара байланышкан жана коюлган максатка жетүү үчүн бирдиктүү. Автор топтолгон теориянын жана практиканын талдамасынан изилдөөнүн объектисинин формалдашуусуна жана тийиштүү сунуштарды иштеп чыгууга жетишкен.

**7. Алынган жыйынтыктардын тажрыйбалык маанилүүлүгү.**

А.Э.Сулаймановanын кандидаттык диссертациясында алынган илимий жыйынтыктар төмөнкүлөрдө колдонулуусу мүмкүн:

Вандализм жана аны териштирүү маселелери боюнча иштелип чыккан сунуштар жана тыянактар төмөнкүлөрдө пайдалуу болуусу мүмкүн: мамлекеттин жана укуктун теориясынын курсун үйрөнүүдө; жаза аткаруу мыйзам чыгаруучулугун жакшыртуу боюнча нормаларды иштеп чыгууда; жабыр тарткандардын укуктук статусу боюнча суроолорду мындан ары изилдөөдө; юридикалык профилдеги ЖОЖдордун жана факультеттердин окуу процессинде ж. б.

**8. Диссертациянын мазмуну автордун төмөнкү публикацияларында чагылдырылган:**

1. **Сулайманова, А.Э.** Вандализмдин коомго коркунучтуулугу жөнүндө. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. Международный теоретический и научно-практический журнал. – 2017, №3 (18). С. 478-481.

2. **Сулайманова, А.Э.** К вопросу о профилактике вандализма. [Текст] / А.Э.Сулайманова, Г.Абдикерим кызы, Т.Жоробеков // Тенденции развития науки и образования. Научный журнал. - 2018. – Самара, 2018. Ч.1. № 43. С.60-63.

3. **Сулайманова, А.Э.** Вандализм үчүн жоопкерчилик жөнүндө суроо туралуу. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Вестник Академии МВД КР. – 2017. - № 3. С.72-75.

4. **Сулайманова, А.Э.** Вандализмдин бүгүнкү көйгөйлөрү. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Вестник Академии МВД КР. – 2017. - № 3. С.91-95.

5. **Сулайманова, А.Э.** Вандализм и его отличие от иных смежных составов преступлений по уголовному законодательству Кыргызской Республики. [Текст] / А.Э. Сулайманова, Г.Абдикерим кызы, Т.Жоробеков // Тенденции развития науки и образования. Научный журнал. - 2018. – Самара, 2018. Ч.1. № 43. С. 63-66.

6. **Сулайманова, А.Э.** Об анализе объективных и субъективных признаков вандализма. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Вестник Академии МВД КР. – Бишкек, 2016, №3. С.85-88.

7. **Сулайманова, А.Э.** Вандализм адамдын кыйратуучу кыймыл-аракетинин бир формасы катары. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Вестник Академии МВД КР. – Бишкек, 2017. №4.

8. **Сулайманова, А.Э.** Вандализм түшүнүгүнүн пайда болуусун изилдөө. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. Международный теоретический и научно-практический журнал. – 2017, №3 (18). С. 482-485.

9. **Сулайманова, А.Э.** Понятие вандализма по законодательству отдельных зарубежных государств. [Текст] / А.Э. Сулайманова, Г.Абдикерим кызы, А. Эрматова // Евразийское научное объединение. – Москва, 2020. – № 9(67). С.283-285.

10. **Сулайманова, А.Э.** К вопросу о понятии вандализма в законодательстве Кыргызской Республике. [Текст] / А.Э. Сулайманова, А. Эрматова // Евразийское научное объединение. – Москва, 2020. – № 9(67). С.285-287.

**9. Диссертациянын мазмунуна авторефераттын туура келгендиги**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн маселесине толугу менен туура келет. Автореферат бирдей мазмундагы кыргыз жана англис тилиндеги резюмеге ээ.

**10. Жетектөөчү уюмдун, расмий оппоненттердин бекитилүү сунушунун негизделгендиги**

- Диссертациялык кеңештин комиссиясы кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары Ош мамлекеттик университетинин мамлекетти жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасын сунуштайт.
- Биринчи расмий оппонент катары – юридика илимдеринин доктору, профессор Асаналиев Тилек Асаналиевич авторефераттын адистиги – 12.00.01).
- Экинчи расмий оппонент катары – юридика илимдеринин кандидаты, Мамазакиров Рустам Умарович (авторефераттын адистиги – 12.00.01).

Көрсөтүлгөн документтерди карап чыгып, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин, К.Ш.Токомаматов атындагы эл аралык университетинин жана Кыргызстан эл аралык университетинин алдындагы юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуу даражасын изденип алууга диссертацияларды жактоо боюнча Д.12.20.614 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын «Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери» темасындагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууга сунуштайт.

Юридика илимдеринин доктору,
профессор Асаналиев Т.А.

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктаймын:
Диссертациялык кеңештин
Окумуштуу катчысы,
юридика илимдеринин кандидаты Н. Пазылов